# ДУАЛДЫК ОКУТУУ КАРАЖАТ АЛЫП КЕЛЕТ



***Дуалдык окутуу - бүгүнкү күндө дүйнөлүк квалификациялуу адистерди даярдоонун эң эффективдүү формасы. Анын башка окутуу формаларынан айырмасы - окутуунун басымдуу бөлүгү өндүрүштө өтүп, анын талаптарына жакындашат. Республикалык педагогдордун август кеңешмесинде №4 кесиптик лицейинин директору Эрмекгүл Раимбекова дуалдык окутуунун окуучулардын билим сапатынын өнүгүшүнө тийгизген таасири тууралуу баяндады.***

### ИШ БЕРҮҮЧҮЛӨР ТАЖРЫЙБАЛУУ АДИСТЕРДИН ДАЯРДАЛЫШЫНА КЫЗЫКДАР

2019-жылдын 6-августундагы Башталгыч кесиптик агенттиктин №1/105 буйругу менен "Тикмечи", "Ашпозчу", "Чачтарач", "Контакт борбордун оператору", "Компьютердик графиканын дизайнери", "Сантехник", "Газ, электр ширетүүчү", "Жыгач уста", "Оңдоо-курулуш иштери боюнча уста" жана "Автоунаа оңдоо боюнча слесарь" кесиптери эксперимент катары тандалып алынып, дуалдык окутуунун элементтеринин негизинде окутуу жүргүзүлө баштаган. Эрмекгүл Раимбекованын айтымында, 2019-2020-окуу жылында сегиз окуу жайдагы 497 окуучу менен 80 өндүрүштүк келишим түзүлгөн. Окуучуларга 76 насаатчы бекитилип, биргеликте иш алып барышкан. Окуу пландарына иш берүүчүлөрдүн макулдугу менен оңдоп-түзөөлөр киргизилген. Окуунун 25-30 пайызы теорияга бөлүнсө, 65-70 пайызы практикага басым жасай баштаган. Жыл аягында көз карандысыз эксперттер, өндүрүштүн адистери окуучулардан экзамен алышкан.

2022-2023-окуу жылында дуалдык окутуунун элементтери 37 окуу жайга киргизилип, анда формада окутан окуучулардын саны 1557ге жеткен. Натыйжада, соцпартнёрлор менен бирге түзүү приаритеттүү маселелери каралып, алардын саны бир топ өстү. Учурда иш берүүчүлөр окутуунун дуалдык формасы менен иш ордунан окутууга, ошол эле учурда өздөрүнө сапаттуу кадр даярдоого кызыкдар. Кыргызстанда элге кызмат көрсөтүү, анын ичинде өзгөчө тигүү тармагы өнүккөндүктөн, "Легпром" ассоциациясында, "Кыргыз текстиль" ишканасында окуучулардын көп бөлүгү өндүрүштүк практикаларын дуалдык формада өтүүдө.

### ДУАЛДЫК ОКУТУУДА 78 ОКУУЧУ ОКУЙТ

Бишкек шаарындагы №4 кесиптик лицей 2019-жылы "Санитардык техник жана электргаз менен ширетүү" тайпасындагы отуз окуучу менен эксперимент катары дуалдык окутууну баштаган. 2023-2024-окуу жылына карата 70 окуучудан турган төрт тайпа дуалдык формага өттү. Окутуу "Бишкек курулуш", "Би-строй", "Фасад строй" сыяктуу курулуш компаниялары менен ишке ашат. Жаңы окуу жылында дагы башка тайпаларга дуалдык окутуу киргизилди. Алсак, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн жаңы окуу планынын негизинде "Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коому" менен келишим түзүлүп, сегиз окуучу өндүрүштүк практикадан өтөт.

Башталгыч кесиптик билим берүү системасында дуалдык окутуу жогорку квалификациялуу адистерди сапаттуу даярдоого мүмкүнчүлүк түзөт. Дуалдык окутуу – максаттуу, учур талабына үндөш жана перспективдүү форма. Дуалдык окутууну эффективдүү жайылтуу үчүн атайын борбор түзүү, окуу мөөнөтү эки жылдык тайпаларды да эксперимент катары дуалдык окутууга өткөрүү учур талабы болуууда. Андан сырткары, Татарстандагы "Алабуга-политехтин" тажрыйбасын таратуу да жакшы натыйжа берет деп ойлойм.





### ТАЖРЫЙБА ҮЧҮН МҮМКҮНЧҮЛҮК

Санариптештирүү заманында техника жана технологиялар бат өзгөрүлгөндүктөн, лицейлердеги техникаларды жаңылап турууга мүмкүн эмес. Ошондуктан дуалдык окутуу формасы менен окуучуларга өндүрүштөгү жаңы жабдыктар менен таанышууга, иштеп, колдорун көнүктүрүүгө жакшы мүмкүнчүлүк түзүлөт. Шаардыктарга караганда, айыл чарбасына жана кол өнөрчүлүккө байланыштуу адистиктерде дуалдык окутууга өтүүгө мүмкүнчүлүк көбүрөөк.

Дуалдык окутуу формасын киргизүү менен лицейлер эмгек рыногунун талабын эске алуу менен окуу программаларын иш берүүчүлөрдүн катышуусунда иштеп чыгууга, өз потенциалын жана инженердик - педагогикалык курамдын квалификациясын жогорулатууга, имиджин көтөрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Окуучуларга айлык маяна төлөнөт. Окуу процессин оптимизациялоонун негизинде теория сааттары кыскарып, окутуучуларга төлөнүүчү эмгек акынын 30 пайызы жана окуучуларга коротулуучу каражаттардын 50 пайызы үнөмдөлөт.



Айгерим ТОКТОБАЕВА,
"Кут Билим"